**Д 13.20.623 И. Арабаев атындагы КМУнун, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы диссертациялык кеңештин эксперти педагогика илимдеринин доктору, доцент Акматов Кыялбек Камутовичтин "13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Шербаева Жыпара Рахманбердиевнанын «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» деген темадагы диссертациясына**

# КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү Шербаева Чынара Рахманбердиевнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Иштин мазмуну "13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы" адистигинин паспортуна жооп берет жана негизги натыйжа иретинде орто мектептердин башталгыч классында "Адабий окуу" сабагында жомокторду окутуунун методикалары иштелип чыккан.

•Иштин **максаты катары** башталгыч класстарындагы «Адабий окуу» сабагында жомокторду окутуунун методикасын теориялык жактан негиздөө жана илимий жоболорду жана сунуштарды иштеп чыгуу, иштелип чыккан жыйынтыктардын натыйжалуулугун тажрыйба аркылуу текшерүү каралган. Изилдөөнүн алдына **төрт милдет** коюлган: 1. Мектептин 2-4-класстарында жомокторду окутуунун абалын, бул боюнча окуучулардын билиминин сапатын жана деңгээлин тактоо; 2. Изилденип жаткан проблемага байланыштуу мектеп практикасында учураган кемчиликтердин себептерин үйрөнүү аркылуу аларды жакшыртуунун жолдорун табуу, республиканын алдыңкы мугалимдеринин педагогикалык иш-тажрыйбаларын жалпылаштыруу; 3. Башталгыч класстар жомокторду үйрөтүүнүн

методикалык негиздерин аныктап, буларды заманбап технологияларга ылайык окутуунун усулдарын, жолдорун жана каражаттарын иштеп чыгуу; 4. Иштелип чыгып, сунуш кылынган адабий-методикаларды окутуу системасынын натыйжалуулугун аныктоо үчүн педагогикалык тажрыйбаларды жүргүзүү жана жыйынтыктоо.

Изилдөөнүн объектиси – жалпы билим берүүчү орто мектептердин башталгыч класстарындагы (II-IV класстар) «Адабий окуу» предметин окутуу процесси. Изилдөөнүн объектиси жана предмети *изилдөөнүн максатына жана милдеттерине карата* туура аныкталган. Изилдөөнүн жүрүшүндө тийиштүү теориялык жана эмпирикалык, ошону менен бирге ырааттуу уюштурулган педагогикалык эксперимент методдору колдонулган. Топтолгон материал анализденген.

Диссертациянын темасы башталгыч класстарда "Адабий окуу" сабагында жомокторду окутуунун методикасын иштеп чыгуу жаатында орун алып келе жаткан актуалдуу проблеманы изилдөөгө багытталган жана жетиштүү деңгээлдеги прикладдык мааниге ээ. Ошондуктан тандалып алынган теманын актуалдуулугу, өз учурунда изилденип жатканы, педагогикалык теорияга жана практикага тийиштүү салымын кошоору шек санатпайт.

**3. Илимий натыйжалар.** Иште педагогика илиминин мындан ары өнүктүрүү менен байланышкан натыйжалар алынган. Алардын курамы төмөндөгүдөй:

3.1. **Биринчи натыйжа** адабий окуу курсунда жомокторду окутуунун кыска тарыхына экскурс жасалып, аларды анализдөө, **экинчи натыйжа**, жомокторду башталгыч класста окутуунун учурдагы абалы ар тараптуу талдоого алуу; **үчүнчү натыйжа**, тема боюнча окуучулардын билими, компетенттүүлүктөрү, окурмандык кызыгуулары иликтөө, **төртүнчү натыйжа**, жомокторду окутуу боюнча мектеп практикасындагы башкы кемчилдиктер үйрөнүлгөн жана аларды жоюунун бир катар жолдорун сунуштоо көрсөтүлөт. Жогоруда келтирилген натыйжалардын илимий жаңылыгы жетиштүү деп баалоого татыктуу.

3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгү олуттуу теориялык жоболорго таянуу, илимий булактарды анализдөө, аныктоочу жана калыптандыруучу педагогикалык эксперименттерде алынган эмпирикалык материалдарды жалпылоо жана жыйынтыктоо ыкмаларын колдонуу менен бекемделет.

3.3. Иштин белгилүү деңгээлде теориялык мааниси бар, анткени жомокторду окутуу боюнча илимий-педагогикалык көз караштын калыптандырууга салым кошот.

3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши. Диссертациядагы материалдар башталгыч класстын окуучуларынын адабий окуу сабагындагы жомокторду окутуу методикасын аныктоого багытталган, алынган илимий натыйжалар жетиштүү илимий жаңылыкка жана баалуулукка ээ. Диссертациялык жумуш жогорку билим берүү уюмунун тематикалык планынын алкагында аткарылган жана анын жыйынтыктары билим берүү тармагынын масштабында кеңири колдонууга татыктуу.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Ж.Шербаеванын диссертациясында алынган илимий натыйжалар адабий окуу предметинин программасынын жана окуу китептеринин жомокторго тиешелүү бөлүмдөрүн тактап, методикасын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт; адабий окуу боюнча сабакты изилдөөдө сунуш кылынган үлгүлөр, методдор окуучулардын өз алдынча сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, өтүлө турган темага болгон кызыгууларынын жогорулашын шарттайт; башталгыч класстарда жомокторду окутуу иштерин жакшыртууга, өркүндөтүүгө, алардын билим берүүчүлүк жана тарбиялык маанисинин ачылышына өбөлгө түзөт; изилдөөнүн материалдары мектепте, орто жана жогорку окуу жайларында методикалык колдонмо, окуу китеби катары пайдаланылат; адабий окуу предметтик стандартты өркүндөтүүгө жана окуу-методикалык комплекстерди даярдоого жардамчы болот.

Илимий изилдөөлөрдүн негизинде тиешелүү макалалар жарыяланган. Патент алуу, методикалык сунуштарды иштеп чыгуу, тийиштүү акты менен ишке киргизүү фактыларын бышыктаган материалдар көрсөтүлгөн эмес.

Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү жетиштүү, аларды жалпы жогорку окуу жайларда, мугалимдерди даярдоо, квалификациясын жогорулатууда кеңири колдонсо болот деп эсептейм.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна дал келет, жобого ылайык иштелген.

**6. Мүчүлүштүктөр:**

- Диссертациянын темасынын алкагында Кыргызстанда изилденген илимий иштер, эмгектер аз чагылдырылган, дагы толуктап, кеңири берүү шарт;
- Диссертацияда берилген шилтемелерди УАКтын талаптарына ылайык берүү керек;

•Ишин орфографиялык, пунктуациялык, стилистикалык сабаттуулугун жакшылап карап, жасалгасын ЖАКтын талабына ылайыкташтыруу зарыл.

**7. Сунуштар:** Жогоруда белгилеген мүчүлүштүктү жоюну сунуштайм. Расмий оппонент катары төмөндөгүлөрдү сунуштайм:

1. ***С.К.Рысбаев,*** педагогика илимдеринин доктору, профессор.

*Илимий эмгектери:*

1) "Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы", Б., 2014,"Жак принт", 2. "Илимий жана элдик педагогика: методдору, принциптери",Алматы, "Абай атындагы улуттук пед.университеетинин "Кабарчы" журналы, 2019. №2, (72), 502-509-б.б.

2) "Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйроңүү маселелери", Б., 2014, 14 .т

3) "Жомок-терапиясы" технологиясы", "КББАнын Кабарлары" журналы, №1, 2015.

4) "Адабий окуу" китебинде окуучулардын окуучулардын кебин өстүрүүнүн ыкмалары", И.Арабаев ат.КМУнун Жарчысы", "Проф. К.Сартбаевдин 80 жылдыгына арналган конференция, 5-ноябрь, 2013-ж.

5) «Адабий окуудан» окуучулардын адабий жана маданий компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү маселелери». «КББАнын кабарлары», (авторлош), №3, 2011.

***2.Э.К.Абдырасулова,*** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент. И.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина акдемиясынын кыргыз тили кафедрасынын башчысы.

*Илимий эмгектери:*

1) Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы жомокторду жана трагедиялуу көрүнүштөрдү окутуу: Методикалык колдонмо -Б.: Кут бер, 2009. -24 б.

2) Ч.Айтматовдун "Бетме-бет" повесттин окутуу: Методикалык колдонмо. -Б.: Кут бер, 2009. -25 б.

3) Ч .Айтматовдун повесттерин окутуунун методикалык системасы –Б.: КУАУнун Жарчысы, 2009. -380-383-бб.

4) Методика проведения в школе внеклассной работы по лингвистическим дисциплинам: Методическое пособие. -Б.: 2009. -52б.

5) Акын, жазуучулардын өмүр баянын өтүүдөгү этнопедагогикалык айрым маселелер. – Б.: КУУнун Жарчысы, 2010. -132-136-бб.

6) Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутуу: Монография. –Б.: 2019, Кут-Бер. -142 б.

**Жетектөөчү мекеме катары** Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, педагогика жана психология, кыргыз адабияты кафедралары.

8. **Кабыл алуу боюнча сунуштама.** Диссертация кабыл алууга жана алдын ала коргоого болот деп эсептейм.

9. **Бүтүм.** Шербаева Жыпар Рахманбердиевнанын «Башталгыч класстардын «Адабий окуу» сабагында жомокторду окутуунун методикасы» аттуу “13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык иш катары эсептөөгө жарайт жана жаңы илимий натыйжаларды камтыйт. Изденүүчүнүн жеке салымы, ага таандык идея жана эксперименталдык ырастоо негизинен жетиштүү деңгээлде иштелип чыккан жана педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алууга татыктуу.

10. **Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып** И. Арабаев атындагы КМУнун, Ж. Баласагын атындагы КУУнун жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.20.623 диссертациялык кеңешине 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Шербаева Жыпар Рахманбердиевнанын «Башталгыч класстардын «Адабий окуу» сабагында жомокторду окутуунун методикасы» деген темадагы диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

Педагогика илимдеринин доктору, доцент,
“Кыргызстан Мааририф” коомдук фондунун
директорунун академиялык маселелер боюнча
орун басары,“Маариф” Билим берүү комплексинин
академиялык маселелер боюнча директору К.К. Акматов

К.К. Акматовдун колун тастыктаймын.

гл. бух [illegible] Сагынбаев

Дата поступления заключения в ДС Д 13.20.623 16.11.2021

Уч. секр.: [illegible]

ОК: [illegible]

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ
КОЛТАМГАНЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ЗАВЕРЯЮ

ДЛЯ ДОКУМЕНТОВ
ИНН 01206202010012